| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**<br><br>**ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ** |

**Эл депутаттарынын Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезексиз онунчу сессиясы**

# Т О К Т О М №171

2025-жылдын октябрь айынын 13ү Тамчы айылы

Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагында жергиликтүү жамааттарынын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Элдик Курултай жөнүндө” конституциялык мыйзамы (2023-жылдын 24-июлу №146), Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” 2025-жылдын 22-сентябрындагы ПЖ № 270 Жарлыгынын негизинде, Улуттук кеңештин 2024-жылдын 21-декабрындагы чечими менен бекиген “Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Тору-Айгыр-Тамчы жергиликтүү кеңешинин кезексиз онунчу сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-жылдын 1-ноябрь ишемби күнү Тору-Айгыр айылында Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынан Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын жыйыны өткөрүлсүн (4-тиркеме).

2. Тору-Айгы-Тамчы айыл аймагынан Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин (мындан ары-Уюштуруу комитети) курамы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Уюштуруу комитети:
- айыл аймагынын тургундарынын ичинен Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттарынын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүүнү уюштуруу боюнча тиешелүү иштерди жүргүзсүн;

4. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынына катышуучу өкүлдөрдүн саны “Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө жобого” ылайык (80 делегат) 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Айыл аймагынын тургундарынын ичинен Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттарынын жыйындарын өткөрүү боюнча жергиликтүү жамааттарды тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү , өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны, ар бир жыйынга жооптуу депутаттарды дайындоо жана жыйындарды өткөрүү графиги 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттарынын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүүгө кеткен чыгымдар айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен жумшалсын.

7. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттарынын жыйынын өткөрүүдө мыйзамдуулукту камсыз кылуу, коомдук тартипти сактоо боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

8. Токтомдун аткарылышы боюнча уюштуруу комитетинин ар бир мүчөсүнө бирдей жоопкерчилик берилсин.

**Төрага** **Н.Т.Иманалиев**